**Кыргыз Республикасынын жарандыгына кабыл алуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 64-беренесинин 7-бөлүгүнө, “Кыргыз Республикасынын жарандыгы жөнүндө” жана “2003-жылдын 28-январында Бишкек шаарында кол коюлган Украинада туруктуу жашаган Кыргыз Республикасынын жарандарынын жана Кыргыз Республикасында туруктуу жашаган Украинанын жарандарынын жарандыкты өзгөртүшүнүн жөнөкөйлөштүрүлгөн тартиби жана жарансыздык жана кош жарандуулук учурларын болтурбоо жөнүндөгү Кыргыз Республикасы менен Украинанын ортосундагы макулдашууну ратификациялоо тууралу” Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Жарандык маселелери боюнча комиссиянын сунушун эске алып, **токтом кылам**:

1. Кыргыз Республикасынын жарандыгына кабыл алуу жөнүндө төмөнкү адамдардын өтүнүчтөрү канааттандырылсын:

1) **ДМИТРАЖ (Дабижа, Мамадалиева) Светлана Петровна,** украин**,** 1969-жылы Украин ССРинин Киев облусунун Белая Церковь шаарында туулган; Кыргыз Республикасынын Ош облусунун Ноокат шаарында жашап жатат;

2) **МАЦУКЕВИЧ (Земко) Светлана Ярославовна,** украин, 1975-жылы Украин ССРинин Запорожье облусунун Куйбышев районундагы Розовка поселкасында туулган; Кыргыз Республикасынын Чүй облусунун Жайыл районундагы Новониколаевка айылында жашап жатат;

3) **СИЛЬЧИКОВ Виктор Александрович,** орус, 1990-жылы Кыргыз ССРинин Кант районундагы Кант шаарында туулган; Кыргыз Республикасынын Чүй облусунун Ысык-Ата районундагы Ново-Покровка айылында жашап жатат.

2. Бул Жарлык кол коюлган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **А.Ш. Атамбаев**